**Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы**

**Чечим № 43/87**

**Жалал-Абад шаары**
**16.04. 2021-жыл**

**Баары-12**
**катышты-11**

**КР президентинин 2021-жылынын 8-февралындагы № 21 Жарлыгына ылайык 2021-ж 11-апрелинде өткөн Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча Жалал-Абад шаарындагы шайлоонун жүрүшүндө Жалал-Абад АШКсына "KLOOP media" коомдук фондунан келип түшкөн кайрылуулар боюнча**

"KLOOP media" коомдук фондунун блдирүүсү боюнча:

- № 2095 УШКсынын төрайымынын билдирүүсүндө: "Шайлоо мыйзамдын чегинде жүрүп жаткан, ошол учурда -2095 УШКдан шайлоодон өтүүчү ошол жердин жашоочулары "Курд" улутундагы жарандар шайлоого келишкен. Алар кыргыз тилин түшүнбөйт ошол себептен АСУнун аппаратына 2 бюллетенди бирдей салып жиберишүүдө. Ошол себептен УШКнын төрайымы келип жардамдашууга жана бир кыргыз тилин түшүнгөн 1 курд бала башка шайлоочуларга (курддөргө) жардам берүүгө мажбур болду. Себеби алардын кыргыз тилин түшүнбөстүгүнөн ушундай жардам берүүгө мажбур болдук".

-№2098 УШК нын төрагасы шайлоо өттп жаткан учурда баарына шайлоо мыйзамдын негизинде өтөөрүн айтты, жана келген байкоочуларга тынчтыкты сактоону эскертип өткөн. Төрага шайлоочуларга сүрөткө жана видеого тартууга болбойт деп эскерткен. Комиссянын мүчөсү "KLOOP media" коомдук фондунун байкоочусун шайлоочу катары кабыл алган жана тартпа деп эскерткен.

-№2103 УШКсында шайлоочулар түшүнбөй шайлоонун жүрүшүндө АСУ аппаратында жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлоо жана рефердумдун бюллетендерин алмаштырып салып жиберээр учурда гана УШКнын мүчөсү эскерткен.

Жогорудагы маселелер боюнча №2095 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымынан түшүнүк кат алынды. №2103 жана №2098 УШКлардын төрагалары болгон окуялар бонча түшүндүрмө жазып беришти. Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы карап, талкуулап,

**Чечим кылат:**

1. **№ 2095 УШКнын төрайымына жана УШКнын жалпы мүчөлөрүнө эскертүү берилсин.**
2. **№2098 жана №2103 шайлоо участкаларынын төрагаларына кошумча түшүндүрмө иштери жана маалыматтар берилсин. Аткаруу иштери Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын №2098 УШК боюнча куратору К.Мамасалиевге, №2103 УШК боюнча куратору Т.Тажибаевага жүктөлсүн**

**Жалал-Абад АШКнын төрагасы:** **Бейшенбаев Ж.Ж**

**Катчысы:** **Ташиева К.М**